**Колдонулган адабияттар:**
1. Абакиров. К. (2016), Ала-Тоо журналы, №11 саны, Бишкек;
2. Караев Ө., (2015), "Таймаш" жыйнагы, Бишкек;
3. Бекташ Шамшиев, (2022), Чек арадагы үй, https://www.azattyk.org/a/the_novel_kyrgyz_writer_omurbek_karaev_chek_aradagy_eski_tam/30170530.html;
4. Жакшылык Ынтымык уулу, (2020), Караевдин аңгемелерине анализ, http://www.ruhesh.kg/ky/category/show/news/442/karaevdin-angemelerine-adabiy-analiz.

**References**:
1. Abakirova. K. (2016), journal- - Llp, No. 11, Bishkek;
2. U. Karaeva., (2015), collection "taymash", Bishkek;
3. Bektash Shamshiev, (2022), house on the border, https://www.azattyk.org/a/the_novel_kyrgyz_writer_omurbek_karaev_chek_aradagy_eski_tam/30170530.html;
4. The Virtue of Yntymyk uulu, (2020), analysis of Karayev's stories, http://www.ruhesh.kg/ky/category/show/news/442/karaevdin-angemelerine-adabiy-analiz .

УДК 82-8(575.2)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-42-45

**Нусубалиева Г.**
Талас райондук билим берүү бөлүмү, методист
**Нусубалиева Г.**
Таласский районный отдел образования, методист
**Nusubalieva G.**
Talas District Department of Education, Methodist

## "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ КАНЫКЕЙДИН КАСИЕТИ
## (Жүсүп Мамайдын варианты боюнча)
## БЛАГОДАТНОЕ ДОСТОИНСТВО КАНЫКЕЯ В ЭПОСЕ "МАНАС"
## (по версии Жусупа Мамая)
## CHARACTERISTICS OF KANIKEY IN THE EPOS "MANAS"
## (according to Jusup Mamai)

**Аннотация:** Макалада "Манас" эпосундагы башкы каарман Каныкейдин касиети, кыргыз кыз-келиндерине тийиштүү адептик, ыйман-ынсап сапаттары жөнүндө баяндалат.

**Аннотация:** В статье повествуется о нравственных , духовно-человеческих качествах присущих кыргызским девушкам и невесткам, которые были свойственны человеческим качествам главной героини Каныкей в эпосе "Манас".

**Abstract:** Article recounts about moral and human qualities, natural to girls and daughters-in-law of Kyrgyzstan, which were typical for main female character Kanykey in epic "Manas".

**Негизги сөздөр:** Манас, Каныкей, ыйман, адеп, баатыр, эпос, касиет.

**Ключевые слова:** Манас, Каныкей, нравственность, воспитанность, герой, эпос, духовный.

**Keywords:** Manas, Kanykei, morality, upbringing hero. epic spiritual.

Кыргыздын улуттук касиетин чагылдырып, дүйнөгө тааныткан биздин “Манас” эпосубуз, адамдык ыйман-ынсаптуулукту жогорку деңгээлде көрсөткөн, биздин тарыхыбызды, маданиятыбызды, улуу эл экенибизди тааныткан чыгарма. “Манас” дүйнөсүнө кирген (окуган) адамдын биринчи кезекте адам катары анын ички рухуна, ыйман-ынсабынын өзгөрүшүнө таасир этет. Ал дүйнө өзүнүн касиети менен арбап, ата-бабанын басып өткөн жолундагы жашоо ыгын көрсөткөндөй, адамды калыпка салат. Эпос баштан аяк окуган адамга кыргыздын көркөм бай тили, каада-салтындагы улуулугу, адамдардын жашоо ыгы, маданияты, адам жүрөгүндөгү улуттук ыймандуулукту көргөзгөн, кыргыз элинин казынасындагы сакталган байлыгы.

Башкы каарман Каныкейдин образы – кыргыз элинин нечен кылымдардан берки жашоо-тиричилигинен келип чыккан, мыкты деп эсептелген, түрдүү касиеттерди топтоштуруу аркылуу жаратылган образ [1.310]. Каармандардын жараткан образындагы көрсөткөн аялзатынын ыймандуулугун көрөбүз. Мисалы, Каныкей ички душман Абыке, Көбөштүн кордугунан качып, Семетейди бооруна кысып, кайын энеси Чыйырдыны ээрчитип, Букарга төркүнүнө качып бараткандагы окуяга токтолсок, “Тирүү киши билбеген, түн түшүнө кирбеген” кордукту көрүп, качып бараткан Каныкей өзү менен кошо кайын энеси Чыйырдыны ала кеткени, кыргыздын кайын энени, өмүрлүк жарынын тогуз ай көтөрүп төрөп, баккан энесин бийик тутуп, урмат көрсөтүп, жанын коргоп ала качканы, бир жагынан алганда кадимки өзүнүн төрөгөн энесиндей көрүп караганы, жакшы, жаманды бирге көтөргөнү баяндалат. Жол азабы картинадан көрсөтүлгөндөй мындай көрүнөт: ”күн-түн дебей көп жүрүп, арадан нечен күн өтүп, капа кылбай энесин кара күчкө каткырып, Чыйырды менен баласын ыктуу жерге жаткырып” деп айтылат [2.446]. Каныкей канчалык азап тартса да билгизбей кайын энесинин көңүлүн улап баратат. Бир жарым ай жол жүрүп, ачка-ток болуп, аттар баспай калганда таштап, жөө жалаңдап качканы: “жөөлөп жолго баштады, беш күндөн кийин мекчейип, кайненеси баспады”деп айтылат [2.446]. Кайын энесинин басалбай чарчап чаалыгып, жүрбөй калганында, жонуна кайненеси Чыйырдыны көтөрүп алып жөө-жалаңдап жөнөйт. Боорундагы бала, жонундагы кайненесин көтөргөн Каныкей аялзатынын, кайын журтунун, элинин кадырын туткан, сыйлаган, ыймандуу, баатыр аялдын образын көргөзүп турат. “Булум тону кырчылып, бутунда кепич жыртылып, согончогун жоорутуп, томуктарын оорутуп аркасында Чыйырды, арык койдой соолутуп” деп, буту-колунун жооруганына карабай, сыр билгизбей баратат. “Түзөң качып, түн катып, унаа минбей, жөө басып, кепичи жок маасычан, кейиген экен курган жан” деп, качып бараткандагы адам чыдагыс кордукта да кайын энесин таштай качып , өз кара башы үчүн күрөшкөн эмес. Эл-жер, болочок баатырды эл үчүн чоңойтуу милдетин мойнуна көтөрүү - бул баатырдык, улуу касиет, адам жүрөгүндөгү асыл байлык, ыймандулуктун бийик деңгээли. Семетейди аман-эсен чоңойтуп, элине алып келүү үчүн кандай кыйынчылык болсо да, улам арылай берүү, душмандан алыс, көздөн далдоо кетип, жан бага турган жерге жетип, эл алдындагы улуу милдетти аткаруу негизги милдети болгон.

Кадырлуу Бакай олуя Каныкейге Семетейди тапшырып жатат. “Каныкей балам кулак сал: “Төрөдөн калган туяктан теги эле көөнүн оортпа, кирчил болуп калбасын, баланы жаман

бакканың, өзүңө болор жаман ат" деп, эне катары, баланы, элдин баатырын жакшы багып чоңойт деп акыл-кеңешин айтат. Баланы ээн-эркин өстүрүп,"ылдый баш" кылба, жалтак болуп калбасын кир кийим кийгизбе, төрөдөй кылып бак дегени. Анткени ал болочок баатыр.

Айкөл тирүү кезинде жаралуу болуп, аны Каныкей айыктырып, үйүнө кайтып баргыча Накылай менен Карабөрк жалган айтып, калп күнөөлөп, экөө кеп жараш кылып, Каныкейге "көргөзмөк" болушат. "Көкөтөйдүн ашында Каныкейге Кошой бата берди, кокус уул төрөсө, элдин оозуна алынып, Манас бизди карабайт" деп, күнүлөштөрү душмандык кылып акыл ойлоп ушак кеп табышат. Өпкөсү жок, Тазбайматты алтын-күмүш берип алдап, "Чубак менен Каныкейди ушундай" деп, Манаска айттырып, чагым кылышат [2.198]. (Башка вар анттарда Кыргыл чал деп да айтылат). Каарданган хан Манас эч бир жанга билгизбей, эч бирине көргөзбөй көчүрүп, алты жылы салбар кылып таштап коет. Муну Чубак Алмамбетке айтат. Каныкей менен Манасты мына ошентип жат кылышкан, айтайын деп айталбай, ичимен сызып жүрөм дейт. Манас Каныкейди Самаркандын Карасууга алып барып таштаганына алты жыл болду. Каныкей ак жерден күйүп какшады. Жыртык кара үй берген, жырык кара уй берген, жайдын күнү болгондо күнгөй бетке көчүрүп, кыштын күнү болгондо тескей бетке тоңдуруп кор кылат деп, Чубак сырын айтат [2.219]. Мында , ак жерден ушактын айынан күйгөн Каныкей, алты жылы чыдап күн көрүп, жашайт. Айкөлгө болгон махабаты, ишеними, жан-дили менен берилгендиги, жүрөгүндө сый-уматы, ыймандуулугу менен анын буйругун аткарган Каныкей, Алмамбет аркылуу кайра алынды болуп, жарашып жашап калат. Демек, ыймандуулук - улуу сапат адамдын жүрөгүндө, ал күтөт, сабыр сактайт, акыры жеңишке алып келет деген философиялык ойду айтат.

Каныкей кайын энеге ыймандуу келин катары, күйөөсүнө чыныгы ишенген өмүрлүк жар катары, элдин энеси катары образды жаратты. Айта берсе Каныкейдин ыймандуулугу эпопеяда көп кездешет.Улууларга болгон урматы, элге-жерге, кичүүлөргө болгон ызааты, эркек адамга болгон сыйы. Чыгармада баштан-аяк Каныкейдин өзүнүн ыймандуулугу менен, кылган-эткени бүтүндөй дүйнөгө кыргыздын кыз-келиндерине сабак, кыргыз энелердин ыйык сапатын, касиетин чагылдырып, даңазалайт .

Манас өлгөндөн кийин акылы кеткен алты арам, Абыке Көбөш Каныкейди бирибизге тийсин деп айттырат. "Тийбеймин десе долуну, тескери чачын жулабыз, тезек терчү кылабыз, бөлүштүрүп мал-пулун чаап алып тынабыз" деп арага киши жиберет [2.440]. Ошондо Каныкейдин күйөөсүнө болгон таза, аруу сезими, ичин өрттөп: "өлбөсөм күндү көрөөрмүн, өлтүрүп койсо өлөөрмүн, мен аларга төрөмдүн төшөгүн тебелетпейм" деп жооп берет. Өмүрлүк жары Манас дүйнөдө теңдешсиз айкөл, асыл адам. Анын баркын кетирбей сыйлоо, атын өчүрбөө, өлгөндөн кийин да арбагын сыйлоо - бул адептик, ыйман-ынсаптуулук сапатын бийик сактаган, ыймандуулукту жогору койгон касиеттүү аялзатынын иши. Жүрөгүндө чыныгы ыйманы бар адам өлүмдөн да коркпойт. Жаманатты болгуча, өмүрдөн кечип кетейин дейт. Каныкей Бакайдан ийменип, жүзүн буруп турганы, эркек адам турса, алдынан өтпөй күтүп ыйбаа кылып, улуулар сөз бермейинче озунуп сүйлөбөө керектигин, өзүнүн образында чагылдырат. Ошондуктан манасчылар бардык аял затынын ичинен Каныкейдей ыймандуу, адептүү каарманды бийик сыпаттап, Каныкейге гана тийиштүү, табылган асыл сапат кылып сүрөттөп көрсөткөн.

Олуя Кошойду "Чоң казатка " аттанаарда Каныкей, урмат-сый көргөзүп тосуу үчүн, түндөп көпүрө салдырат. Бакай хан кылган кызматын баалап айтат:"-Асылы болот келиндин,

ак курчу болот темирдин”. Кошой абасын тосом деп келини “кол куушуруп Каныкей, жүгүнүп карап кирди эле” ыйбаа кылып, колун бооруна алып, жүгүнүп кирет [2.269]. Кошой менен Бакайды чон суудан кем-керчи жок, усталарга атайын салдырган көпүрө менен алып өтүп кетет. Бакай, Кошой, Чыйырды карыяларды урматтап, ыйбаа кылып, ийменип, келиндик сыйын көргөзүп, өмүрү өткүчө сыйлайт. Келиндик кызматын кылат.Улуулар эле эмес, кичүүлөргө да өзүнүн адебин, адамдык ыйман-ынсаптуулугун көргөзөт. “Жакшы сөз, жакшы санаа жоголбойт эч” деп белгилүү чыгарма “Шах-Наме” дастанында айтылгандай [5.79]. “Чоң казатка” жөнөөрдө кырк чорого, он төрт ханга конок кылып, өз колунан жаралган ак эмгеги менен, даярдап койгон согуштук кийим-кечектерин айтсак, күнү-түнү колу жооруп, тиши кетилип, эмгек кылып жасаганы ат көтөргүс баян. Алыска жолго ысык-суукта кийсин деп кырк чорону сыйлап жасатканы

Ыйык китеп Курани Каримде айтылат: Пайгамбарыбыздан сурап, эң жакшы амал кайсы дегенде, тааныган жана таанnetwork бага да адамга даам жана салам берүүңөр” дептир [3.382]. Бул ыйык китептерде айтылгандай, ыймандуу болуп, адамдарга жакшылык жана сый гана көрсөт дегени. “Увазир жакшы хан жакшы, аял жакшы эр жакшы” деп бекер айтылбаса керек. Эгерде аялзаты ыйман-ынсап деген касиетти жүрөгүнө бекем тутса, ал үй-бүлөөдө балдарына да, коомго да, курчап турган адамдарга да жылуу таасирин тийгизет. Аялзаты өзүнүн ыйман-ынсаптуулугу, адептүүлүгү менен сулуу.

Ар бирибиздин милдетибиз, “Манасты” ыйык сактап, биздин ата-бабаларыбыз алып келген руханий байлыгыбызды кийинки урпактарга төкпөй-чачпай милдет катары жеткиришибиз керек. Ал үчүн “Керегем сага айтам, келиним сен ук, уугум сага айтам, уулум сен ук” [4.101] дегендей, биздин казынабыздагы байлык руханий мурасыбыз “Манас” эпосундагы айтылган ыйман-ынсаптуулукту, адептик касиетибизди окуп, билип, жок кылбай сактап калсак, колдонсок гана улутту сактап кала алабыз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. “Манас”: Саякбай энциклопедиясы. –Б.: “Принт Экспресс”, 2016.1260б .
2. Манас. Кыргыз элинин тарыхый эпосу.Айтуучу: Жүсүп Мамай.Шинжаң эл басмасы.2012-жылдын теке айы.
3. Курани Карим / Которгон: Максатбек Токтомушев К 93. –Б.: 2012.
4. К.К.Юдахин. ”Бир миң кыргыз элинин макал-лакаптары” –Бишкек, 2000. -116с.
5. Фирдоуси. “Шах-Нама дастаны”.Котор: Р.Шүкүрбеков. Фрунзе.1958.


**References:**


1. “Manas”: Encyclopedia of Sayakbai. –S.:”Print Express”, 2016.
2. Manas. The historical epic of the Kyrgyz people.Narrator: Jozef Mamai.Xinjiang People’s Edition.Goat Month 2012.
3. Kurani Karim / Translated by Maksatbek Toktomushev K. 93. –S.: 2012.
4. K.K.Yudakhin. ”One thousand proverbs of the Kyrgyz people” – Bishkek, 2000. -116c.
5. Firdousi. ”Dastan Shah-nameh”.Cat: R.Shukurbekov. Frunze. 1958.